КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

А. Ж. Мырсабеков атындагы
ОШ МАМЛЕКЕТТИК
ПЕДАГОГИКАЛЫК
УНИВЕРСИТЕТИНИН
ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УЧЕНЫЙ СОВЕТ ОШСКОГО
ГОСУДАРСТВЕННОГО
ПЕДАГОГИЧЕСКОГО
УНИВЕРСИТЕТА
им. А. Ж. Мырсабекова

73, N.Isanov str. 714003, Osh
Fax:+ 996 (3222) 4-35-67
e-mail: ogpi.osh@mail.ru

Чыг/Исх. № 01-16 /361
"30" 10 2025-ж.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин
Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 29-июнундагы
№ 7 протоколунан
Көчүрмө

3.Ар түрдүү маселелер:

3.1. УГУЛДУ:

Ош МПУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана студенттеринин илимий изилдөөлөрүнө ички гранттарды берүү жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө

3.1. ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Ош МПУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана студенттеринин илимий изилдөөлөрүнө ички гранттарды берүү жөнүндө жобо" бекитилсин.
2. Бир окуу жылында окутуучулар үчүн 1 илимий долбоорду, ал эми студенттер үчүн 5 илимий долбоорго чейин каржылоого уруксат берилсин.
3. Ар бир долбоорго 100 000 (жүз миң) сомго чейин грант каралсын.

КӨЧҮРМӨ АНЫК

Катчы: **ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

ОшМПУнун ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫНЫН ЖАНА СТУДЕНТТЕРИНИН ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНӨ ИЧКИ ГРАНТТАРДЫ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

ОшМПУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана студенттеринин илимий изилдөөлөрүнө ички гранттарды берүү жөнүндө Жобо (мындан ары – Жобо) ОшМПУнун бюджеттен тышкаркы каражаттарынан каржыланууучу илимий гранттар, докторанттар, аспиранттар, магистранттар жана студенттер үчүн илимий гранттарды пландаштыруу, конкурстук тандоо, уюштуруу жана кабыл алуу тартибин көзөмөлдөйт.

Бул Жобо ОшМПУнун факультеттерине, түзүмдүк бөлүмдөрүнө, ошондой эле бардык кызматкерлерине жайылтылат.

Жобо төмөнкү нормативдик документтердин негизинде иштелип чыкты:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө"Мыйзамы;
- "2021-2030-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы";
- Кыргыз Республикасынын "Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу" мыйзамы;
- "А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик-педагогикалык университетинин 2022-2026-жылдарга карата өнүгүү стратегиясы;
- ОшМПУнун уставы.

1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо университеттин бюджеттен тышкаркы каражаттарынан каржыланууучу профессордук-окутуучулук курамга, докторанттарга, аспиранттарга, магистранттарга, студенттерге университет ичиндеги илимий гранттарды пландаштыруунун, конкурстук тандоонун, илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын уюштуруунун жана кабыл алуунун тартибин белгилейт.

1.2. Илимий изилдөөлөргө ЖОЖ ичиндеги гранттар сынагынын максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

• кафедранын профессордук-окутуучулук курамы, докторанттары тарабынан илимий изилдөөлөрдү ишке ашыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу илимий, педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу;

• илимий изилдөөлөргө эң жөндөмдүү жаш окумуштууларды, докторанттарды, аспиранттарды, магистранттарды жана студенттерди тартуу;

• алынган натыйжаларды окуу процессинде, ОшМПУнун илимий потенциалын өнүктүрүүдө натыйжалуу пайдалануу, илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын практикалык ишке киргизүү.

• илимий иш чөйрөсүндө эл аралык кызматташтык үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу.

1.3. ЖОЖ ичиндеги гранттын негизинде илимий изилдөөлөр төмөнкү программалар боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн:

➢ табигый, социалдык-экономикалык жана гуманитардык илимдер тармагындагы келечектүү изилдөөлөр;

➢ этнопедагогикалык, фольклордук, археологиялык филологиялык ж.б. илимий изилдөөлөр;
➢ кесиптик билим берүү жана жалпы билим берүүчү мектеп системасындагы инновациялык технологиялар;
➢ чыгармачылык долбоорлор (адабий, көркөм, музыкалык жана башка чыгармаларды түзүү);
1.4. Сынакка ОшМПУнун факультеттеринин жана колледжинин кафедралары тарабынан даярдалган жамааттык же жеке арыздар берилиши мүмкүн.
1.5. Илимий изилдөөлөргө ЖОЖ ичиндеги гранттарды каржылоо чыгымдар сметасына ылайык илимий ишмердүүлүктү колдоо үчүн ОшМПУнун каражаттарынан ишке ашырылат.
1.6. ЖОЖ ичиндеги илимий долбоорлорду каржылоонун саны жана көлөмү ОшМПУнун өнүгүүсүнүн конкреттүү баскычындагы артыкчылыктарына ылайык жыл сайын ректорат жана Окумуштуулар кеңеши (конкурс жарыяланганга чейин) тарабынан аныкталат.
1.7. Илимий изилдөөлөр үчүн университет ичиндеги грант 1 жылдык мөөнөткө берилет.
1.8. Долбоордун каражаты жабдууларга, материалдарга, долбоорго байланыштуу иш сапардын чыгымдарына, алгачкы маалыматтарды чогултууга (талаа экспедициялары, архивдеги иштер ж.б.), илимий макалаларды басып чыгарууга жана башка чыгымдарга суралышы мүмкүн.
1.9. Гранттык сынакка табыштама долбоорду сунуштаган аткаруучусу - илимий жетекчиси тарабынан түзүлөт жана берилет.
1.10. Сынакты өткөрүү үчүн сынактык эксперттик комиссия катары ОшМПУнун илимий техникалык кеңеши иш алып барат.

2. Конкурстун уюштуруучулары

2.1. Конкурстун уюштуруучусу ОшМПУ болуп саналат, сынактык тандоонун чечими жана өткөрүлүшү илимий техникалык кеңеш тарабынан кабыл алынат жана ОшМПУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.
2.2. Конкурсту уюштурууну илимий иштер боюнча проректор ишке ашырат.

3. Конкурстун катышуучулары

3.1. Конкурска катышууну берилген жарыяга ылайык ОшМПУнун профессордук окутуучулук курамы жана кызматкерлеринен турган изилдөө топтору, аспиранттар, магистранттар жана студенттер катыша алышат.
3.2. Изилдөө тобу катышса ОшМПУнун штаттык кызматкери болуп саналган илимий жетекчиси болууга тийиш, ал арыз берген учурда гранттын жарактуулук мөөнөтү аяктагандан эрте эмес жарактуу эмгек келишими (контракт) болушу керек.
3.3. Конкурска катышуучунун же илимий чыгармачылык топтун акыркы 5 жыл ичинде электрондук маалымат базаларында индекстелген рейтингдик басылмаларда 3төн кем эмес басылмалары болушу керек (Студенттерге, магистранттарга тиешеси жок).
3.4. Жеңүүчү деп табылган окутуучу, аспирант, магистрант, студент же топтун жетекчиси гранттык каражаттарды максаттуу, натыйжалуу пайдалануу,

техникалык тапшырмага ылайык илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, отчеттук жана башка документтерди өз убагында берүү үчүн жоопкерчилик тартат.

4. Өтүнмөлөрдү даярдоо жана берүү тартиби

Конкурс эки этапта өткөрүлөт:

1-этап - кафедралык: Гранттык изилдөөлөр үчүн ректордун буйругу менен конкурс жарыяланат. Конкурстун өткөрүү мөөнөтүндө изилдөөчүлөр конкурска (илимий долбоорлорго) катышууга табыштамаларды кафедрага беришет, кафедранын отурумунда долбоорлор корголуп, андан кийин конкурска катышуу үчүн сунушталат. Илимий жетекчи даярдаган корутундуну кафедра башчысы күбөлөндүрөт. Конкурстун университеттик туруна кафедрадан 3төн ашпаган табыштама 2-этапка кабыл алынат.

2-этап-университеттик: ушул Жобонун талаптарына жана анын тиркемелерине ылайык даярдалган конкурстук табыштамалар илимий иштер боюнча проректорго берилет.

4.1. Ички грантка конкурстук арыз төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

4.1.1. Титулдук баракча (1-тиркеме);

4.1.2. Долбоорду аткаруучулардын тизмеси (2-тиркеме);

4.1.3. Долбоордун сүрөттөлүшү (3-тиркеме);

4.1.4. Техникалык тапшырма (4-тиркеме);

4.1.5. Чыгымдардын сметасы (5, 6-тиркемелер).

4.1.6. Жетекчинин корутундусу.

4.1.7. Кафедранын жыйынынын протоколунан көчүрмө.

4.2. Конкурстук эксперттик комиссияга өтүнмөнүн долбоордун жетекчиси кол койгон басылган версиясы да (2 нускада), электрондук версиясы да берилет. Өтүнмөнүн материалдарынын көлөмү 14 Times New Roman шрифинде басылып 10-15 баректан ашпашы керек.

4.3. Толук эмес жана белгиленген талаптарды бузуу менен келип түшкөн долбооролор каралбайт.

4.4. Долбоорду колдоо жөнүндө чечим кабыл алынган учурда жетекчи техникалык тапшырманы жана календардык планды тариздейт (4, 4а-тиркемелер). Илимий изилдөө жүргүзүүгө даярдалган техникалык тапшырма изилдөөнү өткөрүүнүн максатын, мазмунун жана негизги талаптарын, финансылык камсыз кылуунун пландалган көлөмүн аныктоочу милдеттүү документ болуп эсептелет.

5. Конкурстук долбоорлорду тандоо жана баалоо критерийлери

5.1. Өтүнмөлөрдү конкурстук тандоо төмөнкү негизги критерийлердин негизинде жүргүзүлөт:

• конкурстун максаттарына жана милдеттерине жана университеттин деңгээлинде илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарына шайкештиги;

• өтүнмөдө чагылдырылган маселенин актуалдуулугу, жаңылыгы, илимий жана (же) практикалык мааниси;

• максаттын жана милдеттердин айкындыгы, аларды чечүүнүн усулдарынын жана ыкмаларынын негиздүүлүгү, күтүлгөн натыйжаларды жана алардын маанисин конкреттештирүү;

• изилдөө тобунун квалификациясы жана тажрыйбасы (анын ичинде илимий даражалардын жана наамдардын болушу, сунуш кылынган изилдөө темалары боюнча болгон негиздер, жарыялоо активдүүлүгү жана изилдөө тобунун мүчөлөрүнүн изилдөө темасы боюнча басылмаларынын деңгээли, илимий-изилдөө иштеринин алкагында илимий иштерди аткаруу тажрыйбасы; жергиликтүү же аймактык долбоорлордун алкагында);
• күтүлгөн илимий натыйжаларга жетишүүнүн реалдуулугу (анын ичинде зарыл болгон илимий жабдуулардын болушун, илимий жабдууларды жамааттык пайдалануу үчүн борборлорго кайрылуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен) жана алардын илимий-практикалык мааниси;
• Долбоорго докторанттардын, аспиранттардын, жаш окумуштуулардын, студенттердин катышуусу;
• Долбоордун натыйжалары электрондук маалымат базаларында индекстелген рейтингдик журналдарда 1ден кем эмес басылмада чагылдырылышы керек.
Жарыялоо фактысы (жарыялоого кабыл алуу) тиешелүү документтер менен ырасталууга тийиш;
• долбоордун жыйынтыктарын жарыялоодо каржылоо булагы катары университет ичиндеги гранттардан каржылоого шилтеме жасоо милдеттүү;
5.2. Өтүнмөлөр ИТКнын эксперттик комиссиясы тарабынан каралат. Өтүнмөлөргө экспертиза жүргүзүү үчүн эксперттик комиссия ички, ошондой эле тышкы эксперттерди тарта алат.
5.3. Өтүнмөлөрдү баалоо ушул Жобонун 5.1-пунктунун критерийлерине ылайык жүргүзүлөт, комиссиянын ишинин жыйынтыгы протокол менен таризделет.
5.4. Эгерде изденүүчү илимий-изилдөө иштеринин актуалдуулугун, илимий идеясын, изилдөөнүн максатын, сунушталган чечимдерди, күтүлгөн натыйжалардын илимий жана практикалык маанилүүлүгүн жетиштүү негиздебесе, конкурстук эксперттик комиссия өтүнмөнү четке кагууга укуктуу.
5.5. Конкурстук эксперттик комиссия изденүүчү билдирген илимий изилдөө ишин каржылоонун пландаштырылган көлөмүн оңдоп-түзөөгө укуктуу. Изденүүчү бул корректировкага макул болбогон учурда анын арызы четке кагылат.
5.6. Илимий изилдөөлөргө долбоорду колдоо жөнүндө чечимди ИТКнын эксперттик комиссиясы ишке ашырат, комиссиянын чечими протокол түрүндө таризделет, аны илим боюнча проректор бекитет.
5.7. Жеңүүчү долбоорлорду конкурстук тандоонун жыйынтыктары университеттин Окумуштуулар кеңешинде каралат. Окумуштуулар кеңеш жеңүүчү долбоорлорду аныктоо жана аларды каржылоо көлөмү боюнча акыркы чечимди кабыл алат.

6. ОшМПУнун ЖОЖ ичиндеги гранттары боюнча илимий изилдөө иштерин уюштуруу.

6.1. Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ОшМПУнун окутуучуларынын жана студенттеринин илимий ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө бюджеттен тышкаркы каражаттардын өлчөмү, аларды

конкреттүү гранттар боюнча бөлүштүрүү жөнүндө буйрук, ошондой эле илимий изилдөө ишинин жетекчилерин жана аткаруучуларын дайындоо жөнүндө кадрлар бөлүмүнөн буйруктар чыгарылат.
6.2. Илимий изилдөө иштерин жүргүзүү жөнүндө буйрук чыккан учурдан тартып ички грант боюнча каржылоо башталат.
6.3. Илимий изилдөө иштерин жетекчилери илимий изилдөөнүн сапатына, өткөрүү мөөнөтүнө, бөлүнгөн каражаттардын максаттуу жана сарамжалдуу пайдаланылышына жооп беришет.
6.4. Профессордук курамга, докторанттарга, магистранттарга, студенттерге жана аспиранттарга университет ичиндеги илимий гранттар боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасы оригиналдуу илимий иштеп чыгуулар болууга тийиш. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жок дегенде бир илимий басылмада чагылдырылышы керек (гранттын финансылык колдоосуна милдеттүү шилтеме берүү менен). Басылманын артыкчылыктуу түрү-илимий макала. Докторанттарга жана аспиранттарга коюлуучу талаптар - изилдөөлөрдүн натыйжалары кеминде 1 басылмада чагылдырылышы керек, ал рецензияланган алдыңкы илимий журналдардын жана басылмалардын тизмесиндеги журналда басылышы керек (Scopus, Web of science)
6.5. Илимий изилдөө ишин аткаруунун жүрүшүндө алынган интеллектуалдык иштин натыйжалары Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик жөнүндө Мыйзамына ылайык укуктук коргоого алынууга тийиш. Университет ичиндеги илимий гранттар боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларына өзгөчө укуктар ОшМПУга таандык болуп эсептелет.

7. Грант боюнча отчеттуулуктун тартиби

7.1. Илим бөлүмү илимий изилдөөлөрдү ишке ашыруу боюнча уюштуруу иштерин, анын ичинде иштин мөөнөттөрүн жана сапатын контролдоону, финансылык каражаттардын пайдаланылышын эсепке алууну жана контролдоону жүзөгө ашырат.
7.2. Пландык контролдоо илимий изилдөө иштердин жетекчилеринин алты айлык аннотацияланган отчетторун Илим бөлүмүнө берүүнү жана зарыл болгон учурда аларды экспертизадан өткөрүүнү карайт.
7.3. Өтүнмөгө ылайык иштин натыйжалуулугун контролдоо Илимий-техникалык кеңешке, эксперттик комиссияга жана жеке илим боюнча проректорго жүктөлөт, ага теманын жетекчиси иштин аяктагандыгы жөнүндө отчет берет.
7.4. Иш (иштин этабы) аяктагандан кийин жетекчи эксперттик комиссияга изилдөөлөр боюнча аралык/жыйынтыктоочу отчетту (7, 8-тиркемелер), бекитилген техникалык тапшырманы, кафедранын жыйналышынын протоколунан көчүрмөнү жана каржылык чыгашалар жөнүндө отчет берет. Отчеттук документтер илим бөлүмүнө отчеттук жылдын 15- январына чейин эки нускада (кагаз жана электрондук түрдө MSWord форматында) берилет. 7.5. Илимий-изилдөө иштери боюнча аткарылган иштер жөнүндө отчет Илимий-техникалык кеңештин жыйналышында илимий иштер боюнча проректор тарабынан угулат жана бекитилет. Отчет ГОСТ 7.32-2001 талаптарына ылайык

түзүлөт “Изилдөө отчету. Каттоо түзүмү жана эрежелери» (7-9-тиркемелерди караңыз).

7.6. Илимий-конструктордук иштердин жетекчиси жүйөлүү себептерсиз белгиленген мөөнөттө зарыл отчеттук материалдарды бербесе, этаптар боюнча же бүтүндөй илимий-изилдөө иштерин сапатсыз аткарса, долбоордун жетекчиси проректордун сунушу боюнча алмаштырылышы мүмкүн, илимий изилдөө иштери токтотулушу мүмкүн. Отчеттун натыйжалары жетишсиз деп табылса, долбоорду каржылоо токтотулат, ал эми илимий топтун жетекчиси, жетекчиси жана аткаруучулары - мүчөлөрү үч жылдык мөөнөткө ушул сыяктуу сынактарга катышуу укугунан ажыратылат.

8. Башка жоболор

8.1. ОшМПУ илимий изилдөө боюнча иштерди аткаруунун натыйжасында түзүлгөн илим жана технология чөйрөсүндөгү интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды жана илимий-техникалык иштин натыйжалары жөнүндө купуя маалыматка укуктарды Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик жөнүндө Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Автордук укук жөнүндө Мыйзамына ылайык бекитүүнү камсыз кылат.

8.2. Илимий изилдөө долбоорун ишке ашырууга алынган каражаттар бекитилген сметага ылайык башка уюмдар тарабынан аткарылуучу эмгек акыга жана башка документ менен ырасталуучу чыгымдарга пайдаланылышы мүмкүн (5, 6-тиркемелер).

8.3. Илим бөлүмү өтүнмөгө кирген жана иштерди аткаруунун жүрүшүндө алынган документтердин эсебин алууну жана сактоону камсыз кылат.

9. Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү

9.1. ОшМПУнун илимий изилдөө ички гранттары жөнүндө ушул Жобого түзөтүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү ИТКнын отурумунда жүргүзүлөт. Оңдоп түзөтүүлөр Окумуштуулар кеңешине сунушталат.

9.2. Жобого бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду каттоо барагына киргизилет жана ОшМПУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнө жеткирилет.

9.3. Жобого беш жана андан ашык өзгөртүүлөр киргизилген учурда ал жокко чыгарылды деп эсептелет жана анын жаңы редакциясы иштелип чыгат.

ПОЛОЖЕНИЯ
О ВНУТРЕННИХ ГРАНТАХ ДЛЯ НАУЧНЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ ПРОФЕССОРСКО-ПРЕПОДАВАТЕЛЬСКОГО СОСТАВА И СТУДЕНТОВ ОШГПУ

Настоящее Положение (далее – Положение) регулирует планирование, конкурсный отбор, организацию и контроль проведения научных исследований, финансируемых из внебюджетных средств университета, для грантов университетского уровня, предоставляемых докторантам, аспирантам, магистрантам, студентам и профессорско-преподавательскому составу ОшГПУ.

Положение распространяется на факультеты, структурные подразделения и всех сотрудников университета.

Положение разработано на основе следующих нормативных документов:

- Закон Кыргызской Республики «Об образовании»;
- Концепция развития образования в Кыргызской Республике на 2021–2030 годы;
- Закон Кыргызской Республики «Об науке и основах государственной научно-технической политики»;
- Стратегия развития ОшГПУ на 2022–2026 годы;
- Устав ОшГПУ.

1. Общие положения

1.1. Настоящее Положение определяет порядок планирования, конкурсного отбора, организации и приёма результатов научных исследований для внутреннего гранта университета, предоставляемого профессорско-преподавательскому составу, докторантам, аспирантам, магистрантам и студентам.

1.2. Цели проведения конкурса внутреннего гранта:

- создание благоприятных условий для проведения научных исследований кафедрами, докторантами и преподавателями для повышения эффективности подготовки научных и педагогических кадров;
- привлечение наиболее способных молодых ученых, докторантов, аспирантов, магистрантов и студентов к научной работе;
- эффективное использование результатов исследований в учебном процессе и развитии научного потенциала университета, внедрение результатов исследований в практическую деятельность;
- обеспечение реальных возможностей международного сотрудничества в научной сфере.

1.3. Научные исследования по внутреннему гранту могут проводиться по следующим программам:

- перспективные исследования в области естественных, социально-экономических и гуманитарных наук;

- этнопедагогические, фольклорные, археологические, филологические и иные исследования;
- инновационные технологии в системе профессионального и общего образования;
- творческие проекты (литературные, художественные, музыкальные и другие произведения).

1.4. Конкурсные заявки могут подаваться кафедрами факультетов и колледжей университета, как коллективные, так и индивидуальные.
1.5. Финансирование исследований осуществляется за счет внебюджетных средств университета в соответствии с утверждённой сметой.
1.6. Количество и объем финансирования внутренних грантов ежегодно определяется ректоратом и Учёным советом университета с учетом приоритетов на конкретный этап развития университета.
1.7. Внутренний грант предоставляется на срок 1 год.
1.8. Средства гранта могут направляться на оборудование, материалы, командировочные расходы, первичный сбор данных (полевые экспедиции, архивные работы и др.), публикацию научных статей и другие расходы.
1.9. Заявка на грант подается исполнителем проекта – научным руководителем.
1.10. Экспертную оценку заявок осуществляет Научно-технический совет университета.

2. Организаторы конкурса

2.1. Организатор конкурса – ОшГПУ. Решение о проведении и порядке конкурсного отбора принимает Научно-технический совет и утверждает ректор университета.
2.2. Организацию конкурса осуществляет проректор по научной работе.

3. Участники конкурса

3.1. Участвовать в конкурсе могут исследовательские группы из профессорско-преподавательского состава и сотрудников университета, аспиранты, магистранты и студенты.
3.2. В составе исследовательской группы должен быть научный руководитель – штатный сотрудник университета с действующим трудовым договором на период действия гранта.
3.3. Участник или научная группа должны иметь не менее 3 публикаций за последние 5 лет в индексируемых базах данных (требование не распространяется на студентов и магистрантов).
3.4. Руководитель победившего проекта несет ответственность за целевое и эффективное использование гранта, выполнение научных исследований

согласно техническому заданию, своевременную подачу отчетов и других документов.

4. Подготовка и подача заявок

Конкурс проводится в два этапа:

Этап 1 – кафедральный: ректором объявляется конкурс, исследователи подают заявки на участие кафедрам. Кафедра рассматривает проекты, заслушивает их, подтверждает заключение научного руководителя, после чего не более трех заявок от кафедры направляются на университетский этап.

Этап 2 – университетский: заявки, подготовленные согласно Положению и приложениям, подаются проректору по научной работе.

4.1. Заявка на внутренний грант должна содержать:

- титульный лист;
- список исполнителей;
- описание проекта;
- техническое задание;
- смету расходов;
- заключение руководителя;
- протокол заседания кафедры.

4.2. На конкурс подается печатная версия заявки (2 экземпляра) с подписью руководителя и электронная версия. Общий объем материалов не должен превышать 10–15 страниц, шрифт Times New Roman, 14 кегль.

4.3. Неполные и несоответствующие требованиям заявки не рассматриваются.

5. Критерии оценки проектов

5.1. Основные критерии:

- соответствие целям конкурса и приоритетам университета;
- актуальность и новизна проблемы, научная и практическая значимость;
- ясность целей и задач, обоснованность методов и ожидаемых результатов;
- квалификация и опыт исследовательской группы;
- реалистичность достижения научных результатов, наличие необходимого оборудования;
- участие докторантов, аспирантов, молодых ученых и студентов;
- публикация результатов в индексируемых журналах (не менее одной публикации для руководителей проектов).

5.2. Экспертизу проводят внутренние и внешние эксперты.

5.3. Результаты экспертизы фиксируются в протоколе.

5.4. Комиссия имеет право отклонить заявку при недостаточной научной основе или актуальности проекта.

5.5. Комиссия может корректировать планируемое финансирование. Несогласие исследователя с корректировкой приводит к отклонению заявки.
5.6. Решение о поддержке проекта оформляется протоколом, утверждается проректором по научной работе.
5.7. Победители рассматриваются на Учёном совете университета, который утверждает окончательное решение и объем финансирования.

6. Организация научных исследований

6.1. На основании решения Учёного совета выпускаются приказы о распределении средств внебюджетного финансирования, назначении руководителей и исполнителей проектов.
6.2. Финансирование начинается со дня издания приказа.
6.3. Руководители проектов отвечают за качество исследования, соблюдение сроков и целевое использование гранта.
6.4. Результаты исследований должны быть оригинальными и опубликованы как минимум в одной научной публикации с обязательной ссылкой на грант. Для докторантов и аспирантов публикации должны быть в рецензируемых журналах, индексируемых в Scopus или Web of Science.
6.5. Интеллектуальная собственность, полученная в ходе исследования, подлежит правовой защите согласно законодательству КР, права принадлежат ОшГПУ.

7. Отчетность по гранту

7.1. Научный отдел обеспечивает организацию контроля сроков, качества и целевого использования средств.
7.2. Полугодовые аннотированные отчеты предоставляются в Научный отдел.
7.3. Контроль осуществляется Научно-техническим советом, экспертной комиссией и проректором по науке.
7.4. По завершении этапа руководитель предоставляет промежуточный/итоговый отчет, утвержденное техническое задание, копию протокола кафедры и финансовый отчет. Отчеты сдаются в Научный отдел до 15 января следующего года в двух экземплярах (бумажный и электронный MS Word).
7.5. Отчёт рассматривается на заседании Научно-технического совета и утверждается проректором по научной работе.
7.6. Несвоевременная сдача отчетов или неудовлетворительное качество работы может привести к замене руководителя проекта, приостановке или прекращению финансирования, а также лишению права участия в грантах на срок до 3 лет.

8. Прочие положения

8.1. Университет обеспечивает защиту интеллектуальной собственности и конфиденциальной информации, полученной в ходе научных исследований, согласно законодательству КР.
8.2. Средства гранта могут направляться на оплату труда и другие документально подтверждённые расходы в рамках утверждённой сметы.
8.3. Научный отдел обеспечивает учет и хранение документов, связанных с проведением исследований.

9. Внесение изменений и дополнений

9.1. Изменения и дополнения в Положение вносятся на заседании Научно-технического совета и представляются на утверждение Учёному совету.
9.2. Все изменения фиксируются в журнале изменений и доводятся до всех структурных подразделений университета.
9.3. Если внесено пять и более изменений, Положение признается утратившим силу и разрабатывается новая редакция.

Тиркеме №1.

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети ЖОЖ ичиндеги илимий гранттардын конкурсуна катышуу үчүн Арыз

Долбоордун аталышы:_____
_____

Долбоордун жетекчиси _____
_____

202_жылдын___-_____

2-тиркеме

ДОЛБООРДУ АТКАРУУЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

Долбоордун жетекчиси

1. Аты-жөнү, илимий даражасы, илимий наамы, иштеген жери, кызматы ..... адистиги ....., тел. ....., факс ....., e-mail: колу _____, датасы _____

Аткаруучулар:

1. Аты-жөнү, иштеген жери, илимий даражасы, илимий наамы кызматы ..... адистиги ....., тел. ....., факс ....., e-mail: кол _____, датасы _____
2. Аты-жөнү, иштеген жери, илимий даражасы, илимий наамы кызматы ..... адистиги ....., тел. ....., факс ....., e-mail: кол _____, датасы _____

3-тиркеме

Долбоордун баяндалышы

1. Долбоордун жетекчиси.
2. Долбоордун аталышы.
3. Ачкыч сөздөр.
4. Изилдөөнүн кыскача аннотациясы (200 сөздөн ашык эмес).
5. Максаты, милдеттери, изилдөө объектиси жана долбоордун актуалдуулугу.
6. Изилдөө темасы боюнча иштердин кыскача баяндамасы.
7. Изилдөө методдору жана долбоордун идеясын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн негиздөө
8. Долбоордун тема боюнча илимий-изилдөө кызматкерлеринин командасы бар.
9. Изилдөөнүн болжолдуу жыйынтыктары жана аларды коммерциялаштыруу (киргизүү) ыкмалары.
10. Акыркы 5 жыл ичинде долбоордун темасы боюнча жетекчиси жана аткаруучулардын негизги иштердин тизмеси.
11. Долбоордун башка өзгөчөлүктөрү.
12. Долбоорду ишке ашыруу үчүн талап кылынган инвестициянын суммасы
13. Каржылоонун башка булактары (эгерде бар болсо)

Долбоордун жетекчиси: _____

4-тиркеме

«БЕКИТЕМИН»
Илимий иштер боюнча проректор
Абсатаров Р.Р. _____
«___» _____ 20__ж.

Ички гранттын алкагында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн түзүлгөн
ТЕХНИКАЛЫК ШАРТТАР

1. Илимий жана илимий-изилдөө иштеринин темасы _____
2. Илимий жана илимий-изилдөө иштеринин мүнөзү /фундаменталдык илимий изилдөөлөр, прикладдык илимий изилдөөлөр, эксперименталдык иштеп чыгуулар/ _____
3. Илимий жана илимий-изилдөө иштеринин аткаруучусу (жетекчиси) _____
(толук аты-жөнү, кызматы, телефону, E-mail)
_____
(илимий-изилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан университеттин түзүмдүк бөлүмү)
4. Илимий-конструктордук иштер жүргүзүлүп жаткан илимдин жана технологиянын артыкчылыктуу чөйрөсү _____
5. ГРНТИ коддору _____
6. Илимий-конструктордук иштердин предметин жана күтүлгөн натыйжаларды (продукцияларды) мүнөздөөчү негизги сөздөр жана сөз айкаштары _____
7. Илимий жана илимий-изилдөө иштеринин башталышы - _____, аякташы - _____
(күнү, айы, жылы) (күнү, айы, жылы)
8. Илимий жана илимий-изилдөө иштерине каражаттардын пландаштырылган көлөмү (сом.) _____
9. Жеткиликтүү илимий маалыматтар _____
10. Илимий-изилдөө иштеринин максаттары, мазмуну жана негизги талаптары _____
11. Илимий-конструктордук иштердин күтүлгөн натыйжалары _____
12. Натыйжаларды максаттуу пайдалануу _____
13. Окуу процессинде иштин натыйжаларын максаттуу пайдалануу _____
14. Илимий-техникалык жана илимий-изилдөө иштеринин аяктагандан кийин берилүүчү башка документтердин тизмеси - отчет, басылмалар, ойлоп табууга арыз ж.б.

Долбоордун жетекчиси _____

4а-тиркеме

«БЕКИТЕМИН»
Илимий иштер боюнча проректор
Абсатаров Р.Р. _____
«___» _____ 20__ж.

Ички гранттын алкагында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн түзүлгөн
Календардык план

Илимий жана илимий-изилдөө иштеринин темасы_____
_____

Аткарылуучу жумуштар	**Аткаруу мөөнөтү**	**ОТЧЕТТУУЛУК**
Маалыматтык (аралык) отчет (илим бөлүмүнө берилет)	**Учурдагы жылдын 15-июнуна чейин**	
Жыйынтыктоочу отчет (ИТКда корголот)	**15-декабрга чейин**	

5-тиркеме

Долбоордун сметасы
"___" _____20__-жыл.
Долбоордун темасы _____

Долбоордун жетекчиси: _____ (толук аты-жөнү, илимий даражасы, илимий наамы)

№	Аткарылуучу жумуштун чыгымдары	Өлчөө бирдиги	сумма
1	Жабдуулар	сом	
2	Үчүнчү жактар тарабынан аткарылган иштер үчүн акы төлөө	сом	
	Командировкалык чыгымдар	сом	
	Башка чыгымдар	Сом	
	Материалдар, сырьёлор, тетиктер	сом	
	жыйынтыгы		

Тиркеме 6

ЧЫГЫМДАРДЫН АЙРЫМ СТАТЬЯЛАРЫ БОЮНЧА ЧЫГАШАЛАРДЫ ЧЕЧМЕЛӨӨ

1-таблица

Жабдуулар

Аталышы	саны	Баасы, сом	Суммасы, сом
Жыйынтыгы			

2-таблица

Материалдар, сырьёлор, тетиктер

Аталышы	саны	Баасы, сом	Суммасы, сом
Жыйынтыгы			

3-таблица

Үчүнчү жактар тарабынан аткарылган иштер үчүн акы төлөө

Жумуштун мазмуну	Жумуш кандай аяктайт	Мөөнөтү (баштоо жана аяктоо)	Суммасы, сом
Жыйынтыгы			

4-таблица

Башка чыгымдар

Аталышы	Суммасы сом
жыйынтыгы	

5-таблица

Командировкалык чыгымдар

Аталышы	Суммасы сом
жыйынтыгы	

Долбоордун жетекчиси: _____ (толук аты-жөнү, илимий даражасы, илимий наамы)

Тиркеме 7

Долбоордун отчетун иштеп чыгуунун көрсөтмөсү

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
А.Ж. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети
«БЕКИТЕМИН»
Илимий иштер боюнча проректор
Абсатаров Р.Р. _____
«___» _____ 20__ж.

ОТЧЕТ

Долбоордун аталышы _____

Долбоордун жетекчиси: _____ (толук аты-жөнү, илимий даражасы, илимий наамы)
Датасы

Тиркеме 8

Рефератты иштеп чыгуунун көрсөтмөсү

Жыйынтык

Отчет _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ сүрөт., _ _ _ таблица., _ _ _ булактар, _ _ _ тиркеме.

Рефераттын тексти төмөнкүлөрдү чагылдырылышы керек:

- изилдөө же иштеп чыгуу объекти;
- иштин максаты;
- ишти жүргүзүүнүн методикасы;
- иштин натыйжалары;
- негизги конструктордук, технологиялык жана техникалык жана эксплуатациялык мүнөздөмөлөр;
- ишке ашыруу даражасы;
- илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын ишке ашыруу же ишке ашыруунун натыйжалары боюнча сунуштар;
- колдонуу чөйрөсү;
- иштин экономикалык натыйжалуулугу же мааниси

Тиркеме 9

ОТЧЕТТУ ЖАЗУУ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

1.1 **Отчеттун негизги бөлүгүнүн структуралык элементтери төмөнкү бөлүмдөр менен берилүүгө тийиш:** Мазмуну, аныктамалар, белгилер жана кыскартуулар, киришүү, негизги бөлүгү, корутунду, колдонулган булактардын тизмеси, тиркемелер. Отчеттун милдеттүү структуралык элементтери өзөчө карайтылып жазылат.

1.2 Алынган натыйжалардын негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн тастыктаган материалдарды көрсөтүүдө төмөнкү жоболорду колдонуу сунушталат:

- теориялык (аналитикалык) алынган натыйжалардын эксперименттик маалыматтар менен жакындашуусунун күтүлгөн даражасы;
- математикалык же физикалык моделдөөнүн натыйжаларынын жеткиликтүү эксперименттик маалыматтар менен жакындашынын күтүлгөн даражасы;
- жаңыдан иштелип чыккан жалпы илимий жоболордон (тыянактар, сунуштар, моделдер, көз карандылыктар ж.б.) жалпыга белгилүү жеке илимий натыйжаларды алуу;
- тесттин жыйынтыгы менен ырастоо, божомолдорду практикалык ишке ашыруу тажрыйбасы;
- так физикалык чечмелөө жана белгилүү (жарыяланган) маалыматтар менен шайкештик.

1.3 Отчеттун корутундусу төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

- долбоордун бардык этаптарын ишке ашыруунун натыйжалары боюнча кыскача корутундулар;
- коюлган милдеттерди чечүүнүн толуктугун баалоо;
- долбоордун натыйжаларын конкреттүү пайдалануу боюнча сунуштарды жана баштапкы маалыматтарды иштеп чыгуу;
- ишке ашыруунун техникалык-экономикалык натыйжалуулугун баалоо;
- долбоордун ишке ашырылышынын илимий-техникалык деңгээлин ушул чөйрөдөгү эң мыкты жетишкендиктерге салыштырып баалоо.